4-тиркеме

**Салык төлөөчү тарабынан товарларды ташып келүү жана кыйыр салыктарды төлөө жөнүндө арызды толтуруу**
**ТАРТИБИ**

*(КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 10-февралындагы № 56, 2016-жылдын 16-июнундагы № 326 токтомунун редакциясына ылайык)*

## 1. Жалпы жоболор

1. Ушул тартип Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 282-19-беренесине ылайык иштелип чыккан жана Евразия экономикалык союзунда товарларды экспорттоо жана импорттоо учурунда товарларды ташып келүү жана кыйыр салыктарды төлөө жөнүндө арызды (мындан ары - Арыз) (FORM STI-136) толтуруу тартибин, ошондой эле аны берүү жана кайра сурап алуу тартибин аныктайт.

2. Ушул Тартипте пайдаланылган түшүнүктөр Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган мааниде колдонулат.

3. Арыз (FORM STI-136) 4 нускада кагаз жүзүндө жана электрондук санариптик кол коюсуз (ЭСК) электрондук форматта же болбосо ЭСК менен электрондук форматта толтурулат жана кыйыр салыктар боюнча салык отчету менен бир убакта салык төлөөчүнүн - товарларды сатып алуучу катталган жери боюнча салык органына берилет.

4. Арыз (FORM STI-136) товарларды ташып келүү жөнүндө жана салык милдеттенмесин эсептөө жөнүндө маалыматтарды толук көрсөтүү үчүн арналган үч бөлүктөн жана анын тиркемесинен турат. Арыздын биринчи жана үчүнчү бөлүктөрүн жана анын тиркемесин салык төлөөчү, экинчи бөлүгүн салык органы толтурат.

5. Арызды (FORM STI-136) толтурууда оңдоолорго, кырып өчүрүүлөргө жана сызып оңдоолорго жол берилбейт.

6. Арызды толтурууда:

1) кагаз жүзүндө - шариктүү же кара же көк сыялуу калем сап менен, баш тамга басма символдору же басуучу түзүлүштү пайдалануу менен толтурулат. Арыздын беттерине салык төлөөчү номер коюшу керек (номер арыздын ар бир бетинин жогорку оң бурчуна коюлат);

2) электрондук форматта - ыйгарым укуктуу салык органы тарабынан белгиленген форматта толтурулат.

7. Кагаз жүзүндөгү Арызга (FORM STI-136) салык төлөөчү же анын өкүлү тарабынан кол коюлат жана салык төлөөчүнүн же анын өкүлүнүн мөөрү менен күбөлөндүрүлөт.

8. Электрондук түрдөгү Арыз (FORM STI-136) салык отчетторун кабыл алуу жана иштеп чыгуу тутумунун жардамы аркылуу электрондук түрдө же болбосо маалыматты компьютерге иштеп чыгууга жол берген электрондук алып жүрүүчүдө берилет.

9. Электрондук түрдөгү Арызда чагылдырылган маалыматтар, кагаз жүзүндөгү арыздагы маалыматтарга шайкеш келиши керек.

10. Арыз салык төлөөчү же анын өкүлү тарабынан кагаз жүзүндө жана электрондук түрдө салыктык катталган жери боюнча салык органына Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү тизмекте каралган документтерди тиркөө менен төрт нускада берилет.

11. Арызды (FORM STI-136) электрондук форматта берүү учурунда салык салынуучу субъект салык органы Арызды электрондук түрдө алгандыгы жөнүндө маалыматты алууга укуктуу.

Эскертүү: Салык органына электрондук түрдө келип түшкөн Арыз юридикалык күчкө ээ, ал эми Арызды электрондук түрдө берген салык төлөөчү Арызды берди деп саналат.

12. Эгерде салык төлөөчүдө төмөнкү электрондук билдирүүлөр болсо, Арызды берген факты таанылат:

- сервистин адистештирилген операторунун ырастамасы (салык төлөөчү тарабынан салык отчету жиберилген убакытты жана датаны камтыган электрондук документ);

- салык кызматынын отчетту алгандыгы жөнүндө ырастамасы (кириш контролунун протоколу).

13. Электрондук түрдө берилген Арызга (FORM STI-136) салыктык башкаруунун маалыматтык тутумунда каттоо номери ыйгарылат.

14. Кагаз жүзүндө берилген Арыз (FORM STI-136) салык органы тарабынан электрондук түрдө берилген Арызга салыктык башкаруунун маалыматтык тутуму тарабынан ыйгарылган каттоо номери менен Товарларды ташып келүү жана кыйыр салыктарды төлөө жөнүндө Арыздарды каттоо журналында (мындан ары - Журнал) катталат.

15. Бул каттоо номери салык органы тарабынан кагаз жүзүндө берилген арыздын нускаларынын экинчи бөлүгүндө коюлат. Мында, Арызды берген дата болуп салык органы кагаз жүзүндө берилген Арызды кабыл алган дата саналат.

2. Арызды толтуруу

16. Арызды электрондук форматта толтурган учурда 001-уячада "X" түрүндөгү белги коюлат:

1) эгерде Арыз календардык айда биринчи жолу берилип жатса, белги "Алгачкы" уячасына коюлат;

2) эгерде, мурда ушул эле салыктык мезгил үчүн Арыз берилген болсо, бирок кандайдыр бир так эместиктер же каталар табылып, алар берилип жаткан такталган Арызда оңдолсо, белги "Такталган" уячасына коюлат.

Арыздын электрондук түрүн толтурууда 001-уячада отчеттун статусуна ылайык келүүчү маанилердин бири киргизилет: "0" (нөл) - алгачкы, "1" - такталган.

Арызды кайрадан тактаган учурда такталган Арыздын электрондук форматында Арыздын тактоолор киргизилүүчү "номер" жана "дата" графаларында такталган акыркы Арыздын номерин жана датасын көрсөтүү зарыл.

Мисалы: биринчи такталган Арызда алгачкы Арыздын номерин жана датасын көрсөтүү зарыл, экинчи такталган Арызда - биринчи такталган Арыздын номерин жана датасын, үчүнчү такталган Арызда - экинчи такталган Арыздын номерин жана датасын, ошентип ар бир кийинки тактоодо мурунку такталган Арыздын номерин жана датасын көрсөтүү зарыл.

17. "Такталган" Арыздын белгилерин тандоо учурунда кийинки графаларды, ошондой эле жогорку сол бурчунда жайгашкан алгачкы Арыздын датасын жана номерин толтуруу зарыл. Арыздын 1-бөлүмүндөгү таблицанын биринчи сабында тактоонун себеби көрсөтүлөт. Эгерде, "Алгачкы" белгиси тандалса бул пункт толтурулбайт.

18. Эгерде, салык төлөөчү тарабынан эсепке алынган ай аяктагандан кийин импорттолгон товарлардын баасы келишимдин (контракттын) катышуучулары тарабынан көбөйтүлсө, анда Арыздын 1-таблицасында кийинки жазуу жазылат: "Салык органында катталган 20___-жылдын ___ __________ № ___________" Арызда көрсөтүлгөн көрсөткүчтөрдүн маанисин 20___-жылдын ___________ баанын көтөрүлүшүнө байланыштуу түзөтүү (контракттын/келишимдин катышуучулары бааны көтөргөн ай жана жыл көрсөтүлөт). Датасы жана номери Арыздын 2-бөлүмүнөн көрсөтүлөт. Мында, 1-бөлүмдүн таблицасынын 1-графасында көрсөткүчтөрдүн мааниси түзөтүлүүчү Арызда көрсөтүлгөн товардык позициянын катар номери көрсөтүлөт. 1-бөлүмдүн таблицасынын 2-5, 7-13, 16-18-графаларына түзөтүлүүчү Арыздын көрсөткүчтөрү көчүрүлөт. Арыздын 1-бөлүмүнүн 19 жана 20-таблицаларынын 6, 14, 15, 19, 20-графаларында көрсөткүчтөрдүн өзгөртүлгөн жана мурдагы маанилеринин ортосундагы айырма көрсөтүлөт.

19. Эгерде, ташып келинген товарлар салык төлөөчүлөр тарабынан эсепке алынган ай аяктаганда аларды талаптагыдай эмес сапатынан жана/же комплектелишинен улам жарым-жартылай кайтаруу жүргүзүлсө, анда такталган Арыздын таблицасында кийинки жазуу жазылат: "Салык органында мурда берилген жана катталган 20__-жылдын ___- ___________ № ________ арыздын ордуна". Датасы жана номери Арыздын 2-бөлүмүнөн көрсөтүлөт. Арыздын 1-таблицасында жарым-жартылай кайтаруу жөнүндө маалымат көрсөтүлбөстөн көрсөткүчтөрдүн мааниси көрсөтүлөт. Мында 1-бөлүмдүн таблицасынын 1-графасында тийиштүү арызда көрсөтүлгөн товардык позициянын катар номери көрсөтүлөт.

19-1. Товарлардын жарым-жартылай же толук кайра кайтарылуусу төмөндөгүлөр менен ырасталышы керек:

1) кайра кайтарылуучу товарлар жөнүндө акт (СӨП жана салык органынын өкүлдөрү менен бирге түзүлгөн);

2) келишимдин (контракттын) катышуучулары менен макулдашылган, кайра кайтарылуучу товарларды кайтаруунун себебин, аталышын, санын жана наркын ырастаган документтер;

3) товарларды өткөрүү-кабыл алуу актысы, коштомо кагазы сыяктуу товарларды өткөрүп берүү жөнүндө документтер;

4) товарларды ташуу учурундагы товарды коштоочу документтер.

19-2. Товарларды эсепке алган айда толук же жарым-жартылай кайра кайтарууда Товарларды ташып келүү жана кыйыр салыктарды төлөө жөнүндө арызда (FORM STI-136) жана Кыйыр салыктар боюнча отчетто (FORM STI-123) кайра кайтарылган товарлардын импорту чагылдырылбайт.

19-3. Импорттолгон товарларды эсепке алгандан бир ай өткөндөн кийин жарым-жартылай кайра кайтарууда салык төлөөчү такталган Товарларды ташып келүү жана кыйыр салыктарды төлөө жөнүндө арызды (FORM STI-136) жана Кыйыр салыктар боюнча отчетту (FORM STI-123) ушул тартиптин 19-1-пунктунда аталган документтердин көчүрмөсүн тиркөө менен салык органына тапшырат. Такталган Арыздын таблицасында төмөнкүдөй жазуу жазылат: "Салык органына мурда берилген жана катталган 20__-жылдын ___- ___________ № ____

арыздын ордуна". Датасы жана номери Арыздын 2-бөлүмүнөн көрсөтүлөт. Арыздын 1-таблицасында жарым-жартылай кайра кайтаруу жөнүндө маалымат көрсөтүлбөстөн көрсөткүчтөрдүн мааниси берилет. Мында Арыздын 1-бөлүмүнүн таблицасынын 1-графасында тийиштүү Арызда көрсөтүлгөн товардык позициянын катар номери көрсөтүлөт.

19-4. Импорттолгон товарларды эсепке алгандан бир ай өткөндөн кийин толук кайтарууда салык төлөөчү такталган Товарларды ташып келүү жана кыйыр салыктарды төлөө жөнүндө арызды (FORM STI-136) толтурбастан, толук кайтарылган товарлар жөнүндө маалымат чагылдырылган Товарларды ташып келүү жана кыйыр салыктарды төлөө жөнүндө мурда берилген арыздын (FORM STI-136) реквизиттерин көрсөтүү менен Товарларды ташып келүү жана кыйыр салыктарды төлөө жөнүндө мурда берилген арызды кайра сурап алуу жөнүндө билдирүүнү (FORM STI-137) салык органына берет.

20. Эгер Арызды тактоо салык милдеттенмелеринин өзгөрүшүнө алып келсе, анда такталган арыз менен бирге салык төлөөчү алгачкы арыз таандык болгон салык мезгили үчүн кыйыр салыктар боюнча такталган отчетту берүүгө милдеттүү.

21. Арыздын ар бир бетинин жогорку оң бурчуна салык төлөөчү тарабынан арыздын номери, анын толтурулган күнү, айы жана жылы коюлат (салык төлөөчүнү ички эсепке алуу үчүн номер).

22. Арыздын "Сатуучу/Сатып алуучу" саптарында салык төлөөчүнүн идентификациялык коду (номери), юридикалык жактын аталышы же жеке ишкердин, жеке жактын аты-жөнү көрсөтүлөт.

23. 1-бөлүмдү толтуруу.

01-сапта (Сатуучу) 02-сапта көрсөтүлгөн Сатып алуучу же сатып алуучунун кызыкчылыгында иш алып барган комиссионер же ишеним берилген өкүл же агент менен келишим (контракт) түзгөн жактын маалымдarектери көрсөтүлөт.

02-сапта (Сатып алуучу) товарларды импорттогон жана салыктык катталган жери боюнча салык органына арыз берген Кыргыз Республикасынын салык төлөөчүсүнүн маалымдarектери көрсөтүлөт.

03-сапта Сатуучунун өлкөсүнүн коду, жайгашкан дареги (салыктык катталган жери) көрсөтүлөт. Сатуучунун өлкөсүнүн коду Дүйнө өлкөлөрүнүн мамлекеттер аралык классификаторуна ылайык үч орундуу цифралык мааниден турат.

04-сапта Сатып алуучунун өлкөсүнүн коду, жайгашкан дареги (салыктык катталган жери) көрсөтүлөт. Сатып алуучунун өлкөсүнүн коду Дүйнө өлкөлөрүнүн мамлекеттер аралык классификаторуна ылайык үч орундуу цифралык мааниден турат.

1-бөлүм Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 282-17-беренелеринде белгиленген учурларда товарларды Сатып алуучулар, ошондой эле комиссионерлер, ишеним берилген өкүл тарабынан толтурулат.

05-сапта Сатуучу менен Сатып алуучунун ортосунда түзүлгөн келишимдин (контракттын) номери жана датасы көрсөтүлөт.

Тапшыруу келишими (контракт) же агенттик келишим боюнча товарларды комиссионер, ишеним берилген өкүл же агент аркылуу алууда:

а) "сатуучу" 01-сабында сатып алуучу менен түзүлгөн келишим (контракт) боюнча комиссионер, ишеним берилген өкүл же агент болуп саналган адамга товарларды саткан адам көрсөтүлөт;

б) "сатып алуучу" 02-сабында ушул пункттун "а" пунктчасында көрсөтүлгөн комиссионер, ишеним берилген өкүл же агент менен түзүлгөн келишим (контракт) боюнча комитент, ишеним көрсөтүүчү же принципал болуп саналган адам көрсөтүлөт;

в) 05-сапта ушул пункттун "б" пунктчасында көрсөтүлгөн сатып алуучу менен комиссионердин, ишеним берилген өкүлдүн же агенттин ортосундагы келишимдин (контракттын) маалымдаректери көрсөтүлөт;

г) 06-сапта анын ичинде "д" пунктчасындагы келишим боюнча комиссионер, ишеним берилген өкүл же агент болуп саналган уюмдун толук аталышы (жеке ишкердин аты-жөнү) көрсөтүлөт;

д) 07-сапта ушул пункттун "в" пунктчасында көрсөтүлгөн комиссионер, ишеним берилген өкүл же агент менен ушул пункттун "а" пунктчасында көрсөтүлгөн сатуучунун ортосундагы келишимдин (контракттын) маалымдаректери көрсөтүлөт.

24. Кыргыз Республикасынын салык төлөөчүсү тарабынан башка мүчө мамлекеттин аймаганда сатып алынган жана үчүнчү мүчө мамлекеттин аймагында кайра иштетилген иштетип алма чийки заттын кайра иштетилүүчү продукту болуп саналган товарлар Кыргыз Республикасынын аймагына ташып келинген учурда 2 (эки) арыз толтурулат, мында:

1) товарларды (иштетип алма чийки зат) Сатуучуга жиберилүүчү Арыздын графаларын толтурууда таблицанын 2 жана 6-графаларында тиешелүү түрдө иштетип алма чийки заттын аталышы жана наркы көрсөтүлөт;

2) иштетип алма чийки затты кайра иштетүү боюнча жумуштарды Сатуучуга жиберилүүчү Арыздын графаларын толтурууда таблицанын 2 жана 6-тилкелеринде тиешелүү түрдө кайра иштетүү продукту болуп саналган товардын аталышы жана иштетип алма чийки затты кайра иштетүү боюнча жумуштардын наркы көрсөтүлөт.

25. Сатуучу менен Сатып алуучунун (комиссионер, ишеним берилген өкүл) ортосунда түзүлгөн келишим (контракт) жок болгон учурда чекене сатып алууда-сатууда Кыргыз Республикасынын аймагына импорттолгон товарларды алгандыгын (же сатып алгандыгын) ырастаган документтин (анын ичинде контролдук-кассалык машиналардын чектери, товардык чектер, сатып алуу актылары) номери жана датасы көрсөтүлөт.

26. Лизинг келишимин түзгөн учурда тийиштүү уячага "Х" белгиси коюлат.

Арыздын электрондук түрүн толтурууда уячага отчеттун статусуна ылайык келүүчү төмөнкү маанилердин бири киргизилет:

"0" (нөл) - лизинг келишиминин белгиси белгиленген эмес,

"1" - лизинг келишиминин белгиси белгиленген.

27. Иштетип алма чийки затты кайра иштетүү келишимин түзгөн учурда тийиштүү уячага "Х" белгиси коюлат.

Арыздын электрондук түрүн толтурууда уячага отчеттун статусуна ылайык келүүчү төмөнкү маанилердин бири киргизилет:

"0" (нөл) - иштетип алма чийки затты кайра иштетүү келишиминин белгиси белгиленген эмес,

"1" - иштетип алма чийки затты кайра иштетүү келишиминин белгиси белгиленген.

28. Жеке ишкер болуп саналбаган жеке жактан товарларды сатып алуу жөнүндө келишим түзгөн учурда тийиштүү уячага "X" белгиси коюлат.

Арыздын электрондук түрүн толтурууда уячага отчеттун статусуна ылайык келүүчү төмөнкү маанилердин бири киргизилет:

"0" (нөл) - сатуучу - юридикалык жак же жеке ишкер,

"1" - сатуучу - жеке жак.

29. Товарларды импорттоо учурунда кыйыр салыктардын суммасын аныктоо үчүн салык төлөөчү тарабынан төмөнкүлөр көрсөтүлүүчү таблица толтурулат:

1) 2-графада - эсеп-фактуранын же транспорттук (товарды коштоочу) документтердин негизиндеги товардын аталышы;

2) 3-графада - БС ТЭИнин бирдиктүү товардык номенклатурасы боюнча товардын коду (10 белги);

3) 4-графада - импорттолгон товарды сатып алууну ырастаган эсеп-фактурада же транспорттук (товарды коштоочу) документте же башка документте көрсөтүлгөн товардын санын өлчөө бирдиги;

4) 5-графада - 4-графада көрсөтүлгөн өлчөө бирдигиндеги товарлардын саны;

5) 6-графада - импорттолгон товарды сатып алууну ырастаган эсеп-фактураларындагы же транспорттук (товарды коштоочу) документтердеги же башка документтеги маалыматтардын негизиндеги товардын (жумуштун) наркы;

6) 7-графада - валютанын коду. Валютанын кодун www.sti.gov.kg сайтында "Салык төлөөчүлөр үчүн маалымат" бөлүмүндө жайгаштырылган "Валютанын коду" маалымдамасына ылайык толтуруу зарыл;

7) 8-графада - импорттолгон товарларды эсепке алуу датасына карата эсеп-фактурада же транспорттук (товарды коштоочу) документтерде көрсөтүлгөн валютага карата Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан белгиленген сомдун курсу;

8) 9-графада - транспорттук (товарды коштоочу) документтердин сериясы, номери;

9) 10-графада - транспорттук (товарды коштоочу) документтердин датасы;

10) 11-графада - эсеп-фактуранын номери;

11) 12-графада - эсеп-фактуранын датасы;

12) 13-графада - салык төлөөчү тарабынан товар эсепке алынган дата;

13) 14-графада - импорттолгон товардын накталай көрсөтүлгөн көлөмүнө жараша акциздик товарлар боюнча салыктык база. Чыпкалуу же чыпкасыз сигареттин санын көрсөткөн учурда 1000 даанага эселенүү колдонулбастан (акциздин суммасын эсептөө учурунда колдонулуучу) толук саны көрсөтүлөт;

14) 15-графада - Кыргыз Республикасынын улуттук валютасында КНС боюнча салыктык база. Салыктык база 6- жана 8-графаларды жүргүзүлгөндөй эле Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарынын ченемдеринин талаптарын эске алуу менен эсептелинет. КНС боюнча салыктык базанын өлчөмүнө 19-графада көрсөтүлгөн акциздик товарлар боюнча акциздердин суммасы кошулат;

15) 16 жана 18-графаларда - акциз жана КНС боюнча колдонулуудагы салыктык ставкалар көрсөтүлөт, 17-графада сызык коюлат. Эгерде, Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарында Кыргыз Республикасынын аймагына

ташып келинген товарлар боюнча КНСти жана (же) акцизди төлөөдөн бошотуу каралса, 16-17-18-графаларда "жеңилдик" сөзү жазылат, 19-20-графаларда "0" цифрасы коюлат;

16) 19-графада - 16-графада көрсөтүлгөн колдонулуучу салыктык ставкаларга жараша товарларды Сатып алуучу тарабынан эсептелинген акциздердин суммасы;

17) 20-графада 15-графадагы салык базасына карата 18-графада көрсөтүлгөн колдонулуудагы ставкага жараша эсептелинген КНСтин суммасы көрсөтүлөт.

30. Эгерде, товарларды бир мүчө мамлекеттин аймагынан экинчи мүчө мамлекеттин аймагына ташып өтүүнү ырастаган товардык транспорттук (товарды коштоочу) документте жыйынтык сап болсо, ташып келинүүчү бири-бирине окшош товарлардын жалпы аталыштарын көрсөтүү менен транспорттук (товарды коштоочу) документтин жыйынтыктоочу сабынын маалыматтарын Арыздын бир сабына көчүрүүгө жол берилет.

31. Эгерде, транспорттук (товарды коштоочу) документте акциздик товарлар көрсөтүлсө же ар түрдүү ставкалар боюнча кыйыр салыктар салынуучу же ар түрдүү өлчөө бирдиги бар товарларга тийиштүү көрсөткүчтөр келтирилсе, анда Арызга транспорттук (товарды коштоочу) документтен товарлардын бардык аталыштары (ар бир позициясы) көчүрүлөт.

32. Эгер бири-бирине окшош бир нече товарлар көрсөтүлгөн транспорттук (товарды коштоочу) документте жыйынтыктоочу сап жок болсо, анда товарды коштоочу (транспорттук) документтин ар бир сабында көрсөтүлгөн көрсөткүчтөр Арызга көчүрүлөт. Мында, Арыздын 9 жана 10-графаларында бир эле транспорттук (товарды коштоочу) документтин маалыматтары көрсөтүлөт.

33. Эгерде, эсеп-фактурада бир нече транспорттук (товарды коштоочу) документтерде көрсөтүлгөн товарлар саналып өтсө, анда Арызга жогоруда баяндалган талаптарды эске алуу менен ар бир транспорттук (товарды коштоочу) документтердин позициялары көчүрүлөт. Мында, Арыздын 11 жана 12-графаларында мындай эсеп-фактураларынын маалыматтары кайталанат.

Эгерде, эсеп-фактураны коюу (жазып берүү) мүчө мамлекеттин мыйзамдарында каралбаса же товарларды сатып алуу мүчө мамлекет болуп саналбаган мамлекеттин салык төлөөчүсү тарабынан ишке ашырылса, Арыздын 1-бөлүмүнүн таблицасынын 4, 6-8, 11 жана 12-графаларында сатуучу тарабынан коюлган (жазып берилген), импорттолгон товардын наркын ырастаган башка документтин маалыматтары көрсөтүлөт.

34. Эгерде, импорттолгон товар жеке ишкер болуп саналбаган жеке адамдан сатып алынса, анда салык төлөөчүнүн идентификациялык кодунун (номеринин) маалымдареги ал болгон учурда көрсөтүлөт.

35. Арыздын 3-бөлүмү толтурулат, анын ичинде төмөнкү учурларда:

1) эгерде, Арыздын 1-бөлүмүндө көрсөтүлгөн Сатуучу тарабынан Арыздын 1-бөлүмүндө көрсөтүлгөн сатып алуучуга товарларды сатуу боюнча жүгүртүүлөр (операциялар) мындай товарлар сатылуучу жер катары Сатуучунун мүчө мамлекетинин аймагы тарабынан таанылбагандыктан, Сатуучунун мүчө мамлекетинин мыйзамдарына ылайык кыйыр салыктарды салуунун объектиси болуп саналбаса. Мында, "Сатуучу (комитент, ишеним көрсөтүүчү, принципиал)" 08-сабында товарларды сатуу учурунда КНСтин 0 пайыз өлчөмүндөгү ставкасы (акциз боюнча бошотуу) колдонулган товарлар аймагынан ташып кетилген мүчө мамлекеттин салык төлөөчүсү көрсөтүлөт. 12-сапта 08 жана 09-саптарда

көрсөтүлгөн Сатуучу менен Сатып алуучунун ортосунда түзүлгөн келишимдин (контрактын) маалымдаректери (келишимдин (контрактын) номери жана датасы, спецификациялардын номерлери жана даталары) көрсөтүлөт.

2) Сатып алуучуга товарды комиссионер, ишеним берилген өкүл же агент аркылуу сатуу учурунда. Мында 12-сапта комиссиянын келишиминин (контрактын), тапшыруу же агент келишиминин (контрактын) маалымдаректери, ал эми 08 жана 09-саптарда - бул келишимдин (контрактын) тараптары көрсөтүлөт.

3) мүчө мамлекет болуп саналбаган мамлекеттин салык төлөөчүсү менен түзүлгөн келишимдин негизинде бул башка мамлекеттин салык төлөөчүсү (сатып алуучу) тарабынан сатып алынуучу товарларды бир мүчө мамлекеттин аймагынан башка мүчө мамлекеттин аймагына импорттоо учурунда. Мында 08 жана 09-саптарда мамлекетинин аймагына товарлар импорттолгон Сатып алуучу болуп товарларды сатуу учурунда КНСтин 0 пайыз өлчөмүндөгү ставкасы колдонулган (акциздер боюнча бошотуу) товарлар аймагынан экспорттолгон мүчө мамлекеттин салык төлөөчүсү көрсөтүлөт, 10 жана 11-саптарда көрсөтүлгөн адамдар салык төлөөчүсү болуп саналган мамлекеттердин коду көрсөтүлөт. 12-сапта көрсөтүлгөн адамдардын ортосунда түзүлгөн келишимдин маалымдаректери көрсөтүлөт. Мындай учурда 09-саптагы (ошондой эле 1-бөлүктүн 01-сабындагы) "салык төлөөчүнүн идентификациялык кодунун (номеринин)" маалымдареги толтуруу үчүн милдеттүү болуп саналбайт.

36. Товарларды жеткирип берүүгө үчтөн ашык адам катышкан учурларда, салык төлөөчү Тиркемеде Сатуучудан (аймагынан товарлар ташып кетилген жана КНСтин 0 пайыз өлчөмүндөгү ставкасын колдонуунун жана акциздерди төлөөдөн бошотуунун мыйзамдуулугун ырастаган документтердин топтомун салык органына берген мүчө мамлекеттин салык төлөөчүсү) Сатып алуучуга (арыз берген салык төлөөчүгө) чейин товарларды сатуу боюнча (товарлардын ташылышы) бүтүмдөр жөнүндө маалыматтар тиешелүү бүтүмдөрдүн катышуучуларын, ошондой эле келишимдердин маалыматтарын: аталышын (салык төлөөчүнүн идентификациялык коду (номери), өлкөнүн кодун, анын жайгашкан жерин (жашаган жерин), келишимдин (контракттын) номерин жана датасын, спецификациялардын номерлерин жана даталарын көрсөтүү менен көрсөтүлөт.

### 3. Салык төлөөчүнүн арызды кайра сурап алуусу

37. Салык төлөөчү төмөнкү документтерди берүү учурунда Товарларды ташып келүү жана кыйыр салыктарды төлөө жөнүндө арызды кайра сурап алууга жана иш жүзүндө ташып келинген товарлар боюнча Товарларды ташып келүү жана кыйыр салыктарды төлөө жөнүндө жаңы арызды берүүгө укуктуу:

1) салык төлөөчү-экспорттоочу жана салык төлөөчү-импорттоочу менен макулдашылган саны боюнча талаптарды (кабыл алуу актысы);

2) талаптагыдай эмес сапатын жана (же) комплектелишин ырастаган көз карандысыз экспертизанын корутундусу (акты);

3) *(КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 10-февралындагы № 56 токтомуна ылайык күчүн жоготту)*

38. Салык төлөөчүнүн салыктык катталган жери боюнча салык органына берилген Арызды кайра сурап алуу тууралуу салык төлөөчүнүн жазуу жүзүндөгү кайрылуусунун негизинде Товарларды ташып келүү жана кыйыр салыктарды төлөө жөнүндө арызды салык кызматынын органдарынан кайра сурап алууга

болот. Арызды кайра сурап алуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү кайрылуунун формасы ыйгарым укуктуу салык органы тарабынан бекитилет.

39. Салык төлөөчү ушул тартиптин 33-пунктунда көрсөтүлгөн кат жүзүндөгү кайрылууну төмөнкү учурларда берүүгө укуктуу:

1) Товарларды ташып келүү жана кыйыр салыктарды төлөө жөнүндө катачылык менен берилген арызды кайра сурап алууда;

2) Товарларды ташып келүү жана кыйыр салыктарды төлөө жөнүндө арызга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилгенде.

40. Товарларды ташып келүү жана кыйыр салыктарды төлөө жөнүндө арыз эгерде, Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарында мындай Арызды берүү боюнча милдет каралбаса, катачылык менен берилди деп эсептелинет.

41. Товарларды ташып келүү жана кыйыр салыктарды төлөө жөнүндө арызга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү, салык төлөөчү тарабынан бир эле убакта жаңы Арызды берүү менен, мурда берилген Арызды кайра сурап алуу жолу менен жүргүзүлөт.

42. Товарларды ташып келүү жана кыйыр салыктарды төлөө жөнүндө арызга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү менен бир эле убакта салык төлөөчү импорттолгон товарлардын кыйыр салыктар боюнча такталган декларацияны берүүгө милдеттүү.

Ушул пункттун максаттары үчүн импорттолгон товарлардын кыйыр салыктары боюнча такталган декларация болуп импорттолгон товарлардын кыйыр салыктары боюнча ушул өзгөртүүлөр жана (же) толуктоолор кирген мезгил үчүн мурда берилген салык отчетуна өзгөртүүлөрдү жана (же) толуктоолорду киргизүү учурунда салык төлөөчү болуп саналган адам тарабынан берилген салык отчету саналат.

Мында, кабарлоо боюнча импорттолгон товарлардын кыйыр салыктары боюнча такталган декларация болуп салык органы тарабынан импорттолгон товарлардын кыйыр салыктары боюнча камералдык контролдун жыйынтыктары боюнча бузуулар аныкталган мезгил үчүн мурда берилген салык отчетуна өзгөртүүлөрдү жана (же) толуктоолорду киргизүү учурунда салык төлөөчү болуп саналган адам тарабынан берилген салык отчету саналат.

43. Салык төлөөчү тарабынан Товарларды ташып келүү жана кыйыр салыктарды төлөө жөнүндө арызга өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун киргизилишине төмөнкү учурларда жол берилбейт:

1) текшерилүүчү салыктык мезгилде - көчмө салыктык текшерүүлөрдү жүргүзүү мезгилинде;

2) даттанылуучу салыктык мезгилде - көчмө салыктык текшерүүлөрдүн жыйынтыктары жөнүндө чечимине даттануу берүү жана кароо мөөнөтүнүн мезгилинде.

44. Мүчө мамлекеттердин аймактарынан Кыргыз Республикасынын аймагына импорттолгон товарларды талаптагыдай эмес сапатынан жана (же) комплектелишинен улам мындай товарлар ташып келинген ай аяктаганга чейин кайтаруу ишке ашырылган учурда, импорттолгон товарлардын кыйыр салыктары боюнча декларацияда мындай товарлар боюнча маалыматтар көрсөтүлбөйт.

45. Ушул Тартиптин 44-пунктунда көрсөтүлгөн товарлар кайтарылган учурда мындай товарлар ташып келинген ай аяктагандан кийин мындай товарлар боюнча

маалыматтар импорттолгон товарлардын кыйыр салыктары боюнча такталган декларацияда көрсөтүлүүгө тийиш:

1) товарлар талаптагыдай эмес сапатынан жана (же) комплектелишинен же импорттолгон товарлардын баасынын төмөндөшүнөн улам жарым-жартылай кайтарылган учурда салык органына жарым-жартылай кайтарылган товарлар жөнүндө маалыматтар көрсөтүлбөстөн такталган (мурда берилгендин ордуна) Арыз берилет. Аталган Арыз кагаз жүзүндө (төрт нускада) жана электрондук түрдө, же болбосо салык төлөөчүнүн электрондук колу менен (электрондук-санариптик) электрондук түрдө берилет;

2) маалыматтары мурда берилген Арызда көрсөтүлгөн бардык товарлар талаптагыдай эмес сапатынан жана (же) комплектелишинен улам толук кайтарылган учурда салык органына такталган (мурда берилгендин ордуна) Арыз берилбейт. Салык төлөөчү толук кайтарылган товарлар жөнүндө маалыматтар көрсөтүлгөн мурда берилген Арыздын маалымдаректери жөнүндө салык органына маалымат берет;

3) талаптагыдай эмес сапатынан жана (же) комплектелишинен улам товарлар жарым-жартылай же толук кайтарылган учурда бул товарлар импорттолгондо мурда төлөнгөн жана чегерүүгө кабыл алынган КНСтин суммасынын ордун толтуруу товарлар кайтарылган салык мезгилинде жүргүзүлөт.

46. Ушул Тартиптин 45-пунктунда көрсөтүлгөн учурда салык төлөөчү Товарларды ташып келүү жана кыйыр салыктарды төлөө жөнүндө арызда ташып келинген товарлар жөнүндө (анын ичинде талаптагыдай эмес сапатынан жана (же) комплектелишинен улам кайтарылган товарлар жөнүндө) маалыматтарды көрсөтүшү керек.

5-тиркеме

**Акциздик товарларды алдыдагы алуу, товарларды ташып келүү жөнүндө КАБАРЛОО**

*(КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 10-февралындагы № 56 токтомунун редакциясына ылайык)*

(КАГАЗ ТҮРҮНДӨГҮСҮ ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИНДЕ )

6-тиркеме

**Акциздик товарларды алдыдагы алуу, товарларды ташып келүү (ташып кетүү) жөнүндө кабарлоону толтуруу ТАРТИБИ**

## 1. Жалпы жоболор

1. Ушул Тартип Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 44-беренесине ылайык иштелип чыккан жана акциздик товарларды алдыдагы алуу, товарларды ташып келүү (ташып кетүү) жөнүндө кабарлоонун формасын (DOC STI-135) (мындан ары - Кабарлоо), аны толтуруу жана берүү тартибин аныктайт.

2. Ушул Тартипте пайдаланылуучу түшүнүктөр Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган мааниде колдонулат.

3. Кабарлоону толтурууда оңдоолорго, кырып өчүрүүлөргө жана сызып оңдоолорго жол берилбейт.

4. Кабарлоодо көрсөтүлүүгө тийиш маалыматтар жок болгон учурда, тийиштүү уячалар толтурулбайт.

5. Кабарлоону (DOC STI-135) түзүүдө:

1) кагаз жүзүндө - шариктүү же болбосо кара же көк сыялуу калем сап менен, же басуучу түзүлүштү пайдалануу менен толтурулат.

2) электрондук форматта - Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин (мындан ары - Салык кодекси) 86-беренесине ылайык толтурулат.

6. Кагаз жүзүндөгү Кабарлоого (DOC STI-135) салык төлөөчү же анын өкүлү тарабынан кол коюлат жана салык төлөөчүнүн же анын өкүлүнүн мөөрү менен күбөлөндүрүлөт.

7. Электрондук түрдөгү Кабарлоо (DOC STI-135) Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин (мындан ары - Салык кодекси) 28-беренесине ылайык салык отчетторун кабыл алуу жана иштеп чыгуу тутуму аркылуу электрондук түрдө же болбосо маалыматты компьютерге иштеп чыгууга жол берген электрондук алып жүрүүчүдө берилет.

8. Электрондук түрдөгү Кабарлоодо көрсөтүлгөн маалыматтар кагаз жүзүндөгү Кабарлоодо камтылган маалыматтарга шайкеш келиши керек.

9. Кабарлоо (DOC STI-135) салык төлөөчү же анын өкүлү тарабынан кагаз жүзүндө жана электрондук түрдө салыктык катталган жери боюнча салык органына эки нускада, товарлар ташып келинген жана/же ташып кетилген датага чейин 3 иш күнүнөн кеч эмес мөөнөттө берилет.

10. Электрондук түрдө берилген Кабарлоого салыктык башкаруунун маалыматтык тутумунда каттоо номери ыйгарылат.

Кагаз жүзүндө берилген Кабарлоо (DOC STI-135) салык органы тарабынан электрондук түрдө берилген Кабарлоого салыктык башкаруунун маалыматтык тутуму тарабынан ыйгарылган каттоо номери менен Акциздик товарларды алдыдагы алуу, товарларды ташып келүү (ташып кетүү) жөнүндө Кабарлоолорду каттоо журналында (мындан ары - Журнал) катталат.

Бул каттоо номери салык органы тарабынан кагаз жүзүндө берилген Кабарлоого коюлат. Мында, Кабарлоону (DOC STI-135) берген дата болуп салык органы кагаз жүзүндөгү Кабарлоону кабыл алган дата саналат.

## 2. Кабарлоону толтуруу

11. Төмөнкү учурларда 001-уячада "X" түрүндө белги коюлат:

1) эгерде, акциздик товарлардын белгилүү бир партиясы боюнча Кабарлоо биринчи жолу берилип жатса - белги "алгачкы" уячасында көрсөтүлөт;

2) эгерде, ушул акциздик товарлардын белгилүү бир партиясы боюнча Кабарлоо мурда берилген болсо, бирок, кандайдыр бир так эместиктер же каталар табылып, алар берилген Кабарлоодо оңдолсо, белги "такталган" уячасында көрсөтүлөт.

Такталган" белгисин тандаган учурда Кабарлоодогу жогорку сол бурчунда жайгашкан тиешелүү графаларды: алгачкы Кабарлоонун датасын жана алгачкы

Кабарлоонун номерин толтуруу зарыл. Эгер "Алгачкы" белгиси тандалса бул графалар толтурулбайт.

12. Кабарлоонун уячаларын толтуруу төмөнкү тартипте ишке ашырылат:

1) 102-уячада акциздик товарлардын салык төлөөчүсүнүн-сатып алуучусунун ИСНи көрсөтүлөт;

2) 103-уячада акциздик товарлардын салык төлөөчүсүнүн-сатып алуучусунун толук аталышы уюштуруучулук документтерге же паспортуна ылайык көрсөтүлөт;

3) 104-уячада акциздик товарлардын салык төлөөчүсүнүн-сатып алуучусунун салыктык катталган жери боюнча салык органынын коду жана аталышы көрсөтүлөт.

4) 107-уячада салык төлөөчүнү каттоо учурунда статистика органы тарабынан ыйгарылган ОКПО коду көрсөтүлөт;

5) 112-уячада почта индекси көрсөтүлөт;

6) 113-уячада облусу, шаары, району же айылы көрсөтүлөт;

7) 114-уячада иш жүзүндө турган жерине ылайык көчөсү, үйдүн, кеңсенин же батирдин номери көрсөтүлөт;

8) 115-уячада байланыш телефонунун номери көрсөтүлөт;

9) 116-уячада электрондук почтанын дареги көрсөтүлөт;

10) 201-уячада отчеттук салык мезгили башталган дата көрсөтүлөт;

11) 202-уячада отчеттук салык мезгили аяктаган дата көрсөтүлөт;

12) 300 жана 301-уячалар Кабарлоону кабыл алуу учурунда салык органынын кызматкери тарабынан толтурулат, анда Кабарлоо катталган номерди жана датаны көрсөтүү зарыл.

13. II бөлүктү толтуруу учурунда. "кампа жайынын дареги" тилкесинде Кыргыз Республикасынын аймагына ташып келинүүчү товарлар түшүрүлүүчү кампа жайынын так дареги көрсөтүлөт.

14. "Мунай базасынын (мунай сактоочу жай) дареги" графасында мунай сактоочу жайдын же темир жол туюгунун так дареги жана ташып келинүүчү КММы жана башка мунай продуктылары сакталуучу идиштин номери көрсөтүлөт.

15. "Кабыл алуу датасы" графаларында акциздик товарларды кабыл алуу пландалган дата көрсөтүлөт.

16. "Продукциянын түрү" графасында ташып келинүүчү акциздик товарлардын аталышы көрсөтүлөт.

17. "Жалпы саны" графасында саптар боюнча ташып келинүүчү акциздик товарлардын саны көрсөтүлөт.

18. Кабарлоонун төмөнкү бөлүгүндө Кабарлоого кол койгон адамдын толук аты-жөнү, ээлеген кызматы көрсөтүлөт.

Кабарлоого төмөнкүлөр кол коет:

1) импорттоочу субъекттин жетекчиси кол коет жана анын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт;

2) Кабарлоо (DOC STI-135) ишеним каттын негизинде импорттоочу субъекттин кызыкчылыктарын коргоого ыйгарым укуктуу салык өкүлү тарабынан түзүлгөн жана берилген учурда, уюмдун-өкүлдүн ишенимдүү адамы/жетекчиси кол коет.

Коюлган кол Кабарлоого (DOC STI-135) кол койгон адамдын/уюмдун мөөрү менен күбөлөндүрүлөт.

Ишеним катта көрсөтүлгөн ыйгарым укуктарга ылайык уюмдун-өкүлдүн ишенимдүү адамы/жетекчиси Кабарлоого кол койгон учурда Кабарлоонун төмөнкү бөлүгүндө уюмдун-өкүлдүн аталышы, Кабарлоого кол койгон адамдын толук аты-жөнү, ээлеген кызматы, анын негизинде салыктык өкүлчүлүк ишке ашырылган ишеним каттын маалымдаректери көрсөтүлөт.

### 3. Кабарлоону салык органында каттоо

31. Кагаз жүзүндөгү Кабарлоо келип түшкөн күнү салык органынын кызмат адамы Кабарлоону Журналда каттоого, эки нускага тең штамп басып, өзүнүн ИСНин коюуга милдеттүү. Андан кийин бир нускасы салык төлөөчүгө кайтарылат. Кабарлоо Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 58-беренесинде каралган салык милдеттенмеси боюнча доонун эскирүү мөөнөтүнүн ичинде сакталууга тийиш.

7-тиркеме

**Товарларды ташып келүү жана кыйыр салыктарды төлөө жөнүндө мурда берилген арызды кайра сурап алуу тууралуу**
**БИЛДИРҮҮ"**

*(КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 10-февралындагы № 56 токтомунун редакциясына ылайык)*

*(Кагаз түрүндөгүсү Юстиция министрлигинде)*